УДК: 317:317.212, 3;371.302
DOI 10.33514/1694-7851-2023-2-24-30

**Айтышова Ж.Т.**
пед. илим. канд., доц. м.а.
Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети
Кыргызстан, Ош ш.
jaityshova@bk.ru
**Тентимишова А.К.**
филол. илим. канд., доц.
Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети
Кыргызстан, Ош ш.
akmary-1980@mail.ru
**Кубанычбек кызы Б.**
магистрант
Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети
Кыргызстан, Ош ш.
fatima010694@mail.ru

# МЕКТЕПТЕРДИН БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРЫНДА ОКУУЧУЛАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛЫК ЗЭЭНДҮҮЛҮГҮНҮН ӨНҮГҮҮ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

**Аннотация.** Макалада автор мектептердин башталгыч класстарында окуучулардын чыгармачылык зээндүүлүгүнүн өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүнө токтолуп өткөн.

Жаштардын зээндүүлүк потенциалы биздин мамлекетибиздин бекемделиши үчүн социалдык жана экономикалык мааниге ээ экендиги көрсөтүлгөн. Башталгыч класстарда зээндүү балдарды айлана чөйрөгө багыттуу окутуу ыкмасы мугалимдин ишмердүүлүгүнөн, педагогикалык таасирден көз каранды жана өзүн-өзү өнүктүрүүсү менен ишке аша турган окуу чөйрөсүн курууга болоору каралган.

**Негизги сөздөр:** стратегия, зээндүүлүк, интегративдик, эмоционалдык, ийкемдүүлүк, креативдүүлүк, инсандык, таланттуу, индивидуалдуулук, эгоизм, эффективдүүлүк.

**Айтышова Ж.Т.**
канд. пед. наук, и.о. доц.
Кыргызско-Узбекский Международный университет имени Б. Сыдыкова
Кыргызстан, г. Ош
jaityshova@bk.ru
**Тентимишова А.К.**
канд. филол. наук., доц.
Кыргызско-Узбекский Международный университет имени Б. Сыдыкова,
Кыргызстан, г. Ош,
akmary-1980@mail.ru
**Кубанычбек кызы Б.**
магистрант
Кыргызско-Узбекский Международный университет имени Б. Сыдыкова
Кыргызстан, г. Ош
fatima010694@mail.ru

# ВОЗМОЖНОСТИ РАЗВИТИЯ ТВОРЧЕСКОЙ ОДАРЕННОСТИ УЧАЩИХСЯ В НАЧАЛЬНЫХ КЛАССАХ ШКОЛ

**Аннотация.** В статье автор акцентировал внимание на возможности развития творческих способностей учащихся начальной школы. Показано, что потенциал одаренности подрастающего поколения имеет социально-экономическое значение для укрепления нашего государства. Доказывается, что метод обучения одаренных детей, ориентированный на окружающую среду, в начальных классах зависит от деятельности учителя, педагогического воздействия и можно создать среду обучения, которая может быть реализована с помощью саморазвития.

**Ключевые слова**: стратегия, внимательность, интегративность, эмоциональность, гибкость, креативность, талантливый, индивидуальность, эгоизм, эффективность.

**Aityshova Zh.T.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Acting Associate Professor
Kyrgyz-Uzbek International university named after B. Sydykov
Kyrgyzstan, Osh c.
jaityshova@bk.ru
**Tentimishova A.K.**
Candidate of Philological Sciences, Associate Professor
Kyrgyz-Uzbek International university named after B. Sydykov
Kyrgyzstan, Osh c.
akmary-1980@mail.ru
**Kubanychbek kyzy B.**
Master's Student
Kyrgyz-Uzbek International university named after B. Sydykov,
Kyrgyzstan, Osh c.
fatima010694@mail.ru

## OPPORTUNITIES TO DEVELOP TALENTED STUDENTS CREATIVE IN PRIMARY SCHOOL CLASSES

**Abstract.** The author focused on the possibilities of developing the creative abilities of primary school students. It is clear that the potential of young people is of socio-economic importance for strengthening our state. It is considered that the method of teaching gifted children oriented to the environment in primary school depends on the activity of the teacher, pedagogical impact and it is possible to create a learning environment that can be implemented through self-development.

**Keywords**: strategy, mindfulness, integrativity, emotionality, flexibility, creativity, talent, individuality, egoism, efficiency.

Балдардын зээндүүлүк потенциалы биздин мамлекетибиздин бекемделиши үчүн социалдык жана экономикалык мааниге ээ. Муну менен эрте мектептик курактан баштап балдардын креативдүүлүгүн өнүктүрүү муктаждыгы келип чыгууда. Мектептердин альтернативалуу типтеринин пайда болушу жана кеңейиши баалуу инсандык капитал болгон зээндүү жана таланттуу балдарды өнүктүрүүнүн мыкты факторлорунун бири болуп саналат.

Башталгыч класстарда зээндүү балдарды айлана чөйрөгө багыттуу окутуу ыкмасы мугалимдин ишмердүүлүгүнөн, педагогикалык таасирден көз каранды жана өзүн-өзү өнүктүрүүсү менен ишке аша турган окуу чөйрөсүн курууга болот. Окутууну мындай уюштурганда окутулуп жаткан баланын айлана-чөйрөсү менен карым-катнашта болуучу ички активдүүлүк механизми ишке кирет. Дүйнө жүзүндөгү көптөгөн мамлекеттерде зээндүү балдарды издөө жана педагогикалык колдоо иштери менен алектенген атайын уюмдар, топтор жана адистер бар.

Дж. Рензулли, Р. Стенберг, Э. Танненбаум ж.б. алыскы чет мамлекеттик окумуштуулардын тажрыйбаларын жалпылап, алар тарабынан бай практикалык тажрыйба топтолгон жана диагностикалык тестирлөө, зээндүү балдарды окутуу методикасынын

иштелмелери, тиешелүү окуу программаларын түзүү, мугалимдик кадрларды атайын даярдоо тармагында позитивдүү натыйжаларга жетишүүгө аракет жасалып жатат. Башкаруу ыкмаларын бир канча топторго бөлүүгө болот [10]: биринчиси, «жашаган жери боюнча таланттуу балдарга мектептерди куруу, жайкы программалар, ошондой эле «Таланттарды издейбиз» академиялык долбоору. Булар билим берүү мекемелеринде альтернативалуу окуу программалары катары кызыктуу изденүүлөр алкагында өнүккөн. Экинчи топ – зээндүү балдар үчүн педагогдор тарабынан түзүлгөн автордук программалар жана үчүнчү топ – улуттук программалар.

Биринчи тип кругозорду кеңейтүүнү максат кылат. Буга музейлерди, көргөзмөлөрдү, коруктарды кыдыруу, тарыхый жерлер, маданий каада-салттар менен таанышуу ж.б. иш чаралар кирет. Мындай программалар өзгөчө айыл жерлеринен келген балдарга өтө маанилүү болуп саналат, бирок Бишкек, Ош сыяктуу чоң шаарлардын окуучуларына да зыяны тийбейт [1].

Программалардын экинчи тиби өзүн-өзү таанууга, өзүндөгү жаңы кызыгууларды, жөндөмдөрдү жана алардын кырларын табууга багытталган.

Программанын акыркы тибине – тандалып алынган предметти тереңдетип окуу, толугу менен ошого кирип кетүү, башкаларга өз кызыкчылыктары менен тең бөлүшүү, жогорку класстагы адистердин жетекчилиги астында иштеп көрүү кирет. Алар зээндүү балдарды педагогикалык колдоо боюнча моделдердин практикалык варианттарынын диапозонун кеңейтет жана түрдүү айкалышта колдонулат: тездөө, тереңдөө, баюу, көйгөйлөштүрүү (проблематизация).

Тездөө стратегиясы өнүгүүнүн жогорку темпин, зээндүүлүктүн түрдүү формасына ээ балдардын окутуунун дифференцияланган программалары боюнча интенсивдүү курстарынан өтүүсүн камсыз кылат.

Тереңдөө стратегиясы окуучулардын конкреттүү билим тармагында же ишмердүүлүгүндө алардын кызыкчылык менен тандоолорун эске алуу менен атайын адистештирилишин камсыз кылат.

Баюу стратегиясы окутуунун мазмунунун дисциплиналар аралык ыкмалардын негизинде маанилүү кеңейүүсү, ошондой эле балдардын зээндүүлүгүн өнүктүрүү методдору жана ыкмаларынын кеңири диапозону болуп саналат.

Көйгөйлөштүрүү (проблематизация) стратегиясы окуучуларда билимдин түрдүү тармагын изилдөөгө инсандык ыкмаларды пайда кылууну камсыз кылат. Бул стратегия атайын тренингдик окуудан сырткаркы программалар аркылуу же байытылган программалардын курамында ишке ашат.

Зээндүү балдарды окутуу программалары коррекциялоочу, өнүктүрүүчү жана интегративдүү сыяктуу түрдүү болушу мүмкүн. Коррекциялоочу программалар эмоционалдык жана жүрүм-турумдук кыйынчылыктарды башынан өткөрүп жаткан зээндүү балдарга карата түзүлөт [11]. Өнүктүрүүчү программалар болсо, эмоционалдык чөйрөнүн абалын жакшыртуу үчүн багытталат, аларда ролдук тренинг, сензитивдик тренинг, кичине топтордо талкуу сыяктуу көнүгүүлөр колдонулат. Интегративдик программалар таанып билүү жана эмоционалдык компоненттерди бириктирет. Натыйжада, чыгармачыл активдүүлүктү стимулдаштыруу максатында төмөнкү ыкмалар сунушталат:

1. Окуучулардын бири-бирине жакшылык каалоосу, өздөрүнө ыңгайлуу атмосфераны камсыз кылуусу, эркин болушу.

2. Баланын ынтызарлыгын өнүктүрүү максатында анын айлана-чөйрөсүн түрдүү жаңы предметтер жана ар кандай мактоолор, алкоолор менен коштоо.

3. Кызыктуу, башкалардыкынан айрымалуу ойлорду айткан балдардын идеяларын коргоо жана колдоо.

4. Көнүгүү жана практика үчүн ар кандай мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу. Түрдүү тармактарда, мисалы, эне тили сабагында зат атооч сөздөрүн маанилештерин атагыла ж.б.

колдонуу максатында ой жүгүртүүнүн дивергенттик тибиндеги (тездик, ийкемдүүлүк, оригиналдуулук жана тактык) суроолорду кеңири колдонуу.

5. Проблеманы чечүүдө чыгармачыл ыкманы колдонуунун өздүк үлгүсүн көрсөтүү.


6. Балдарга активдүү түрдө суроо берүү мүмкүнчүлүктөрүн түзүү.

7. Ойлонууга, бул же тигил маселе боюнча башкалардын пикирине өз пикирин кошууга ортоктош болуу ж.б.

Көп нерсе мугалимден, анын да педагогикалык зээндүүлүгүнөн көз каранды. «Устатына жараша – шакирти» делет, эгер устаты өзү зээндүү болбосо андан зээндүү окуучу чыкпайт, демек зээндүү бала үчүн аны түшүнгөн, колдогон жана ошол зээндүүлүгүн өнүктүрө билген чөйрө керек. Бала топуракка түшкөн үрөн, ал суусуз, абасыз өспөйт, ошол сыяктуу зээндүү баланы андан ары өнүктүрүп кетүү эң биринчи устатка жана ошол устат иштеген жамаатка, баланын чөйрөсүнө көз каранды.

Баланын зээндүүлүгү менен деңгээли бирдей чөйрөлүк баланстын жоктугу, анын жүрүм-туруму дисгармониялык көрүнүштөргө айланып, бала айлана-чөйрөсү жана өзү менен конфликтке туш болот [7]. Биз тараптан белгиленген параметрлер зээндүү баланын дүйнөнү башкача кабыл алуусун гана табуу эмес, зээндүүлүктүн өнүгүүсүнүн потенциалдык траекториясын тастыктайт. Ошентип, чөйрөлүк балансты биз зээндүү баланын чөйрөсүнүн ылайык келүүсү катары карайбыз.

1-сүрөттө креативдик билим берүү чөйрөдөгү зээндүү баланын өнүгүүсүн жүрүм-турум, кызыгуу, аракет, проблемаларды чечүүдөгү ыкмалардын оригиналдуулугу сыяктуу инсандык өнүгүүнүн төрт параметри шарттайт.




**1-сүрөт. Креативдүү билим берүү чөйрөсүндө зээндүү баланын инсандык өзгөчөлүктөрүнүн көрүнүшү.**

Мындай параметрлер зээндүү балдар тарабынан окуу ишмердүүлүгүнүн аткарылыш өзгөчөлүктөрүн мүнөздөйт. Биринчи параметр окуучунун инсандык импульсивдүүлүгүн, анын креативдик сапаттарынын потенциалын сүрөттөйт. Экинчи параметр – окуучунун

кызыгууларын, анын натурасынын багытын, тубаса талантын карайт. Үчүнчү параметр окуучунун айлана-чөйрө менен карым-катнашынын, башка адамдар менен пикир алмашуусунун өзгөчөлүктөрүн көрсөтөт. Бул болсо, анын амбиваленттик, б.а. бирин-бири жокко чыгаруучу түрүнө да ээ боуп кеткен кызыгууларын түшүнүүгө түрткү берет. Төртүнчү параметр балдардын зээндүүлүгүнүн чектерин көрсөтөт, анткени балдардын таанып билүү ишмердүүлүгү жана аны аткаруу жөндөмдөрү гана анын зээндүүлүк деңгээлин аныктай алат.

Инновациялык билим берүү мекемелеринде өнүктүрүү чөйрөсүн түзүү зээндүүлүктүн өнүгүүсүн өзгөчө эффективдүүлүк менен камсыз кылат. Баланын зээндүүлүгүнүн толугу менен ачылышы үчүн жалаң гана педагогдор, устаттарынан турган эмес, таланттуу баланын классташтарынан да турган креативдик чөйрө керек экендигин эстен чыгарбоо зарыл. Зээндүү бала үчүн креативдик чөйрө өзүнө окшош таланттуу балдардын коомчулугу болуп саналат. Бул жерде бала кайсы тармакта өзүнүн жөндөмүн көрсөткөнү маанилүү эмес, жөндөмдөрүн көрсөтө алганга анын коому маанилүү. Анткени бала микросоциумда өзүн дискомфорттуу сезип, өзүн «кой короого түшүп калган эчкидей» сезбеши керек.

Баланын жөндөмдөрү өнүгүп олтуруп зээндүүлүккө айланып кетиши мүмкүн. Жашоонун жана айлана-чөйрөнүн ылайыктуу шарттары баланын зээндүүлүгүнүн таланттын деңгээлине чейинки өнүгүүсүнө түрткү берет. Зээндүү бала өзүнүн изилдөөлөрүн чектөөлөрдү кабыл ала албайт, мындай сапат эрте пайда болот дагы, бардык курактык этаптарда анын негизги маанилүү айырмалануучу мүнөзү катары калат [2].

Чыгармачыл индивидуалдуулук менен катар индивидуализм, эгоизм, өзүн-өзү сүйүү сыяктуу сапаттар пайда болуп кетиши мүмкүн, ошондуктан тарбиячы ар дайым индивидуалдык жана топтук рефлексия өткөрүп туруу муктаждыгын унутпашы зарыл. Ошону менен катар жанындагы кишинин жетишкендиктерин, ийгиликтерин кабыл алуу, баалай билүү, алардын индивидуалдуулугуна урмат көрсөтүү сыяктуу башка адамдарга карата креативдик-чыгармачыл мамиленин түзүлүшү жардам берет.

Биздин республикада зээндүү балдар менен адистештирилген ишти жүргүзүп келе жаткан мекемелер бар. Мисалы, Бишкекте табигый-математикалык дисциплиналар боюнча педагогика илимдеринин доктору Б. Кособаеванын жетекчилиги менен 2007-2008-окуу жылында атайын борбор ачылган. Борбордун максаты – Кыргызстандагы таланттуу балдарды бириктирип, атайын өзгөчө программа менен окутуу, бул борбор Билим берүү жана илим министрлигинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдында түзүлгөн. Бирок, борбордун окуу китептер, техникалар, жабдуулар жана жатакана менен камсыз болушу мамлекеттик колдоого алынбай келген.

Чыгармачыл типтеги билим берүү мекемелери зээндүү инсандын когнитивдик, ишмердүүлүктүк-жүрүш туруштук, керектөөчү-мотивациялык өнүгүү сфераларын куруу максатында креативдик чөйрөнү түзүү үчүн багытталышы керек. Мындай креативдик чөйрө кууш адистештирүү эмес, кеңири культурологиялык бирикме менен камсыз болуу зарыл. Зээндүү баланы кууш адистешүү менен чектебеш керек.

Зээндүү балдар жөндөмдүү балдарды тарбиялоо үчүн табигый чөйрөнү түзүү менен педагогдун жардамчыларынан боло алышат. Креативдик чөйрөдө баланын өнүгүү процессин моделдештирүү зээндүүлүктүн структуралык негизи тууралуу чечим чыгарууга шарт түзөрүн көрдүк. Зээндүүлүк системаны уюштуруунун жалпы принциптерине туура келет, демек, ал ошол эле креативдик принциптер менен түзүлгөн системанын таасиринен көз каранды дей алабыз.

Зээндүү балдар менен иштөөдө биз окутуунун төмөнкү принциптерине таяндык: белгилүүдөн – белгисизге; натыйжадан эмес, процесстен кубаныч алууга; жоопторго же фактыларга эле эмес, суроолорго үйрөтүүгө; предметтер аралык аракетке; келечекке багыт берүүгө; оюн аркылуу окутууга; социалдык ой жүгүртүүнүн өнүгүүсүнө багыт берүүгө (2-сүрөт).

**Зээндүүлүктүн комплекстүү диагностикасынын негизинде балдарды тандоо**

– Зээндүүлүк боюнча классикалык тесттер (Равен, Кеттел, Торренс, Гарднер)
– Балдардын жалпы даярдыгын аныктоочу тест
– Зээндүүлүк картасы.

**Өнүктүрүүчү билим берүү чөйрөсү**

| Мектептик чөйрөнүн мотивациялык-стимулдаштыруучу мүнөздөмөсү | Эксперименттин педагогикалык шарттары |
|---|---|
| – мектеп коллективинин ичиндеги психологиялык комфортту жана чыгармачыл атмосфераны камсыз кылуу;<br>– каныккан маалымат чөйрөсү (окуучулардын маалыматтык керектөөлөрүн канагаттандыруу);<br>– кызыкчылыктары боюнча чыгармачыл студияларда жана ийримдерде иштөө. | – окуучулардын өзүн-өзү таануу ишин уюштуруу (өзүн-өзү өнүктүрүү жана сүйлөшүү боюнча психологиялык тренингдер жана оюндар);<br>– окутуунун интерактивдүү методдорун колдонуу (проблемалуу окутуу, окуу изилдөө иштери, оюндар ж.б.);<br>– балдардын академиялык жана чыгармачылык жетишкендиктери (портфолио). |

**Өздүк өнүгүү мониторинги**

– Контролдук иштер, интеллектуалдык олимпиадалар
– Конкурстар, концерттер, көргөзмөлөр
– Окуучулардын чыгармачыл зээндүүлүгүн өнүктүрүүнүн актуалдуу проблемалары боюнча педагогдордун консилиуму
– Академиялык жана чыгармачылык жетишкендиктердин анализи (портфолио)

**2-сүрөт. Зээндүү балдар менен иштөөдө колдонулуучу принциптер.**

Корутунду.

Чыгармачыл мектептин шарттарында гана зээндүүлүктү өнүктүрүү аракети «зээндүү бала – педагог – психолог – билим берүү мекемесинин администрациясы» системасы аркылуу ишке ашат. Аны үчүн төмөнкүдөй талаптар аткарылууга тийиш: психологдук-педагогикалык биргелешкен диагностика, шыктарды, жөндөмдөрдү, кызыкчылыктарды аныктоочу, окуучунун таанып билүүчү-ой жүгүртүүчү, чыгармачыл, спорттук-кыймылдуу ишмердүүлүгүнүн деңгээлин текшерүү, б.а. маалымат базасын түзүү; зээндүү баланын окуп-үйрөнүүсүн жана нервдик-физикалык жүгүн коштоп жүрүүчү биргелешкен иш-аракеттер; ата-энелер, класс жетекчилер, педагогдор, администрация, окуучунун курбалдаштарынын арасындагы биргелешкен кеңеш берүүчү жана агартуучулук иши; зээндүү окуучуларды окутуу жана өнүктүрүү боюнча методикалык психологдук-педагогикалык сунуштамаларды жана индивидуалдык программаларды түзүү; зээндүү балдардын өз баасын билүү, өз талантын түшүнүү жана социалдык личносттук баалуулугун билүүсүн өнүктүрүү боюнча иштөө; окуучулардын жогорку таанып билүүчү керектөөлөрүн канааттандыруу боюнча окуу процессин жана иш-чараларды уюштуруу; маалыматтык талаа жана материалдык базаны түзүү.

Чыгармачылык зээндүүлүктү өнүктүрүүдө мектеп мугалимдери колдоно алат. Зээндүү балдарды окутуу процессинин мазмуну, иштелип чыккан педагогикалык шарттар зээндүү

балдардын билим сапатын жогорулатууда, болочок кесибине зарыл даярдыкты түптөөдө мугалимдердин практикалык иштерине көмөк берет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Акматов, К.К. Окуучулардын адеп-ахлактык түшүнүктөрүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары (Адеп жана кыргыз адабияты сабактарынын мисалында) [Текст]: пед. илим. канд. ... дис. автореф.: 13.00.01 / К. Акматов. – Бишкек, 2011. – 22 б.

2. Алимбеков, А. Формирование у будущих учителей готовности к эстетическому воспитанию младших школьников на прогрессивных традициях народной педагогики (На материале педвузов Киргизии) [Текст]: автореф. дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / А. Алимбеков. – М., 1990. – 25 с.

3. Бакулина, Г.А. Интеллектуальное развитие младших школьников на уроках русского языка [Текст] / Г.А. Бакулина. – М.: ВЛАДОС, 1999. – 142 с.

4. Бурменская, Г.В. Одаренные дети [Текст] / Г.В. Бурменская, В.М. Слуцкий. – М.: Прогресс, 1991. – 376 с.

5. Гладилина, И.П. Развитие творческой одаренности младших школьников на занятиях по предметам гуманитарного цикла [Текст]: дис. ... канд. пед. наук: 13.00.01 / И.П. Гладилина. – М., 2002. – 240 с.

6. Кузьмина, Н.В. Способности, одаренность и талант учителя [Текст] / Н.В. Кузьмина. – Л., 1985.

7. Көсөбаева Б.М. Химия жана биология предметтери боюнча болочок мугалимдерди даярдоонун экологиялык бактылуулугу. – Б., 2011. – 4–8-б.

8. Лейтес, Н.С. Способности и одаренность в детские годы [Текст] / Н.С. Лейтес. – М.: Знание, 1984. – 80 с.

9. Маслоу, А. Мотивация и личность [Текст] / А. Маслоу. – СПб: Питер, 2008.

10. Матюшкин, А.М. Концепции творческой одаренности [Текст] / А.М. Матюшкин // Вопросы психологии. – 1989. – №6. – С. 29–33.

11. Миллер А. Дүйнөнүн жаралышы жана башка иштер. – Нью-Йорк 1972.

12. Рензулли, Дж. Основные современные концепции творчества и одаренности [Текст] / Дж. Рензулли. – М.: Молодая гвардия, 1997. – 416 с.

13. Рензулли, Дж. Три стороны интеллектуального развития [Текст] / Дж. Рензулли, Р. Хартман. – М.: Прогресс, 1980. – 200 с.

14. Рысбаев, С. Алиппе-интеллуктуал – окуучуларды чыгармачылыкка багыттайт [Текст] / С. Рысбаев, Ж. Ысманова, К. Ибраимова, Б. Акматов, А. Кыдыров // Кутбилим, 2007. – 25-апрель.

15. Рысбаев, С.К. Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо [Текст] / С.К. Рысбаев. – Бишкек, 1998. – 64 б.

16. Савенков, А.И. Ваш ребенок талантлив: детская одаренность и домашнее обучение [Текст] / А.И. Савенков. – Ярославль: Академия развития, 2002. – 352 с.

17. Стернберг, Р. Учись думать творчески [Текст] / Р. Стернберг, Е. Григоренко // Основные современные концепции творчества и одаренности. – М.: Молодая гвардия, 1997. – С. 186–210.

18. Стернберг, Р. Инвестиционная теория креативности [Текст] / Р. Стернберг, Е. Григоренко // Психологический журнал. – 1998. – №2. – С. 144–160.

19. Яковлева, Е.Л. Развитие творческого потенциала личности школьника [Текст] / Е.Л. Яковлева // Вопросы психологии. – 1996. – №3. – С. 28–34.

**Рецензент: пед. илим. канд., доц. Абдыкапарова А.О.**